ОшМУнун Эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин
№10 өткөрүлгөн жыйынынын протоколунан

**КӨЧҮРМӨ**

2023.31.05
Ош шаары, ЭМФ

Төрага – Р.К. Калматов
Катчы – Н.М. Ташматова
Катышкандар: 23

**КҮН ТАРТИБИ:**

3. 561000-«Коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина» багыты боюнча PhD докторантура программасынын максаты жөнүндө маалымат жана аны бекитүү (*баяндамачы: Бугубаева М.М.*)

**Угулду:** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы: м.и.д., проф. Р.К. Калматов 561000 «Коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина» багыты боюнча PhD докторантура программасынын максаты жөнүндө маалымат жана аны бекитүү үчүн М.М. Бугубаевага сөз берди.

**Бугубаева М.М.:** 561000-«Коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина» багыты боюнча PhD докторантура программасынын миссиясы ОшМУнун миссиясы менен шайкеш келет. Максатты иштеп чыгууга, бир канча талкуу болуп, ага бардык кызыкдар тараптар: профессордук-окутуучулук курам, иш берүүчүлөр, PhD докторанттардын илимий жетекчилери, докторанттардын өздөрү катышты.

560100-"Коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина" багыты боюнча PhD докторантура программасынын максаты төмөндөгүдөй айтылат:

Билим берүү программасынын максаты дипломдон кийинки медициналык билим берүүнүн деңгээлинде компетенттүү илимий кызм

аткерди даярдоого мүмкүндүк берет, Кыргыз Республикасында илим менен билим берүүнүн өнүгүү тенденциясындагы жаңы форматтагы окумуштуу-изилдөөчүнү даярдоого мүмкүндүк берген максатты жана билим берүү стратегиясын камтыйт.

**Талкуу:**

М.и.к., доценттер: А.А. Момунова, А.К. Турусбекова, О.И. Курбанбаев, С.М. Маматовалар жарыш сөзгө чыгып, сүйлөшүп, 560100-"Коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина" багыты боюнча PhD докторантура программасынын миссиясын жана максатын колдоп, бекитүүгө сунушташты.

Жогорудагы талкуунун негизинде ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин Окумуштуулар Кенешинин отурумунда 561000-«Коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина» багыты боюнча PhD докторантура программасынын максаты жөнүндө маалымат жана аны бекитүү боюнча жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар Кенеши

**ТОКТОМ кылат:**

1. ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин 561000-«Коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина» багыты боюнча PhD докторантура программасынын максаты жөнүндө маалымат кабыл алынсын.
2. 561000-«Коомдук саламаттыкты сактоо жана медицина» багыты боюнча PhD докторантура программасынын коюлган максаты бекитилсин.

Төрага: Р.К. Калматов

Катчы: Н.М. Ташматова